126-137

**УДК:** 94(575.2)"07/12":28

**Кадыров Медербек Акбаралиевич**
**PhD, доцент, Ош мамлекеттик университети**
mederbek83@gmail.com

Кадыров Медербек Акбаралиевич
PhD, доцент, Ош мамлекеттик университети
PhD, доцент,Ошский государственный университет

*Kadyrov Mederbek Akbaralievich*
*PhD, Associate Professor, Osh State University*
*mederbek83@gmail.com*

**Тажибаев Санжарбек Лочинбекович**
**доцент, PhD, Ош мамлекеттик университети**
sanjarbek.tajibayev1989@gmail.com

Тажибаев Санжарбек Лочинбекович
доцент, PhD, Ошский государственный университет
sanjarbek.tajibayev1989@gmail.com

*Tazhibaev Sanzharbek Lochinbekovich*

*associate professor, PhD, Osh State University*
sanjarbek.tajibayev1989@gmail.com

**Жусубалиев Али**
**Ph.D., доцент , Ош мамлекеттик университети**
ajusubaliev@gmail.com

*Жусубалиев Али*
*Ph.D., доцент, Ошский государственный университет*
ajusubaliev@gmail.com

*Zhusubaliev Ali*
*Ph.D., Associate Professor, Osh State University*

ajusubaliev@gmail.com

# МУСУЛМАН АВТОРЛОРДУН ЭМГЕКТЕРИНДЕ ТАЛАС САЛГЫЛАШУУСУ ЖАНАН АНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ (IX-XIII кк.)

# ТАЛАССКАЯ БИТВА И ЕЁ ПОСЛЕДСТВИЯ В ТРУДАХ МУСУЛЬМАНСКИХ АВТОРОВ (IX–XIII вв.)

# THE BATTLE OF TALAS AND ITS CONSEQUENCES IN THE WORKS OF MUSLIM AUTHORS (9TH–13TH CENTURIES)

# МУСУЛМАН АВТОРЛОРДУН ЭМГЕКТЕРИНДЕ ТАЛАС САЛГЫЛАШУУСУ ЖАНАН АНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ (IX-XIII кк.)

**Аннотация**

Бул макалада 751-жылы болгон Талас салгылашуусу жана анын натыйжалары IX–XIII кылымдарда жашаган мусулман авторлорунун эмгектеринин негизинде изилденет. Изилдөөнүн негизги максаты — мусулман жазма булактарында Талас салгылашуусунун себептери, өткөн жери жана убактысы, катышкан тараптар, кол башчылар, аскерлердин саны, салгылашуунун жүрүшү жана натыйжалары тууралуу берилген маалыматтарды системалуу жана салыштырма негизде талдоо. Макалада ал-Фасави, Ибн Тайфур, ал-Макдиси, Ибн ан-Надим, ас-Саалиби, ал-Бируни, Ибн ал-Асир жана ал-Казвини сыяктуу мусулман авторлорунун эмгектери каралат. Булактардагы маалыматтар хронологиялык жана салыштырма-тарыхый ыкмалар аркылуу талданып, алардын окшош жана айырмалуу жактары аныкталат. Изилдөөнүн жыйынтыгында Талас салгылашуусунун келип чыгышында жергиликтүү саясий карама-каршылыктар, Кытайдын Орто Азиядагы таасирин кеңейтүү аракети жана Аббасийлердин чыгыштагы аскердик-саясий активдүүлүгү маанилүү роль ойногону көрсөтүлөт. Ошондой эле салгылашуудан кийин Тан империясынын аймактагы саясий таасири начарлап, Аббасийлердин Мавераннахрдагы позициясы бекемделгени белгиленет. Мусулман авторлорунун айрымдары Самарканддагы кагаз өндүрүшүнүн өнүгүшүн Талас салгылашуусунда туткунга алынган кытайлык усталардын ишмердиги менен байланыштырышат. Изилдөө Талас салгылашуусунун Орто Азиядагы саясий, диний-маданий жана технологиялык процесстердеги ордун тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***Ачкыч сөздөр:*** Талас салгылашуусу, Атлах, Аббасийлер, Тан империясы, Зияд ибн Салих, мусулман авторлор, Самарканд кагазы, Орто Азия

***Таласская битва и её последствия в трудах мусульманских авторов (IX–XIII вв.)***

**Аннотация**

В статье исследуются Таласская битва 751 года и её последствия на основе трудов мусульманских авторов IX–XIII веков. Основная цель исследования заключается в систематическом и сравнительном анализе сведений мусульманских письменных источников о причинах Таласской битвы, месте и времени её проведения, участвовавших сторонах, военачальниках, численности войск, ходе сражения и его результатах. В статье рассматриваются труды таких мусульманских авторов, как ал-Фасави, Ибн Тайфур, ал-Макдиси, Ибн ан-Надим, ас-Саалиби, ал-Бируни, Ибн ал-Асир и ал-Казвини. Сведения источников анализируются с применением хронологического и сравнительно-исторического методов, выявляются их сходства и различия. В результате исследования установлено, что важную роль в возникновении Таласской битвы сыграли политические противоречия между местными правителями, стремление Китая расширить своё влияние в Центральной Азии, а также военно-политическая активность Аббасидов на востоке. Отмечается, что после битвы политическое влияние империи Тан в регионе ослабло, а позиции Аббасидов в Мавераннахре укрепились. Ряд мусульманских авторов связывает развитие производства бумаги в Самарканде с деятельностью китайских мастеров, взятых в плен во время

***The Battle of Talas and its Consequences in the Works of Muslim Authors (9th–13th Centuries)***

**Abstract**

This article examines the Battle of Talas of 751 and its consequences on the basis of the works of Muslim authors from the ninth to the thirteenth centuries. The main aim of the study is to provide a systematic and comparative analysis of information contained in Muslim written sources concerning the causes of the Battle of Talas, its location and date, the participating sides, military commanders, the size of the armies, the course of the battle, and its outcomes. The article examines the works of such Muslim authors as al-Fasawi, Ibn Tayfur, al-Maqdisi, Ibn al-Nadim, al-Tha'alibi, al-Biruni, Ibn al-Athir, and al-Qazwini. The source materials are analysed using chronological and comparative-historical methods in order to identify their similarities and differences. The study demonstrates that political rivalries among local rulers, China's attempts to expand its influence in Central Asia, and Abbasid military and political activity in the east played an important role in the outbreak of the battle. It also notes that the political influence of the Tang Empire in the region weakened after the battle, while the Abbasid position in Transoxiana became stronger. Some Muslim authors associate the development of papermaking in Samarkand with Chinese craftsmen captured during the Battle of Talas. The study contributes to a deeper understanding of the place of the Battle of Talas in the political, religious-cultural, and technological processes of Central Asia.

Таласской битвы. Исследование позволяет глубже понять место Таласской битвы в политических, религиозно-культурных и технологических процессах Центральной Азии.

**Ключевые слова:** Таласская битва, Атлах, Аббасиды, империя Тан, Зияд ибн Салих, мусульманские авторы, Самаркандская бумага, Средняя Азия

**Keywords:** Battle of Talas, Atlakh, Abbasids, Tang Empire, Ziyad ibn Salih, Muslim Authors, Samarkand paper, Central Asia

**Киришүү**

VIII кылымдын ортосунда Орто Азияда орун алган маанилүү тарыхый окуялардын бири-751-жылдагы Талас салгылашуусу экендиги талашсыз. Зияд ибн Салихтин жетекчилигиндеги мусулман араб аскерлери менен Гао Сяньчжи баштаган Тан династиясынын күчтөрүнүн ортосунда болгон бул кагылыш Орто Азиядагы саясий күчтөрдүн өз ара мамилелерине олуттуу таасир тийгизген. Талас өрөөнүндөгү Атлах шаарына жакын жерде бир нече күнгө созулган салгылашууда карлуктардын колдоосуна ээ болгон мусулман араб аскерлери жеңишке жетип, Тан аскерлери оор жоготууга учураган.

Талас салгылашуусу Орто Азиядагы кийинки саясий, экономикалык жана маданий процесстер менен катар ислам дининин тынчтык жолу менен таралуусуна таасир эткен маанилүү окуялардын бири катары каралат. Салгылашуудан кийинки мезгилде аймактагы саясий күчтөрдүн өз ара мамилелеринде өзгөрүүлөр болуп, жергиликтүү элдердин мусулман дүйнөсү менен болгон саясий, соода жана маданий байланыштары бара-бара күчөгөн.

Узак мөөнөттүү тарыхый перспективада мындай байланыштар ислам дининин жана мусулман маданиятынын Борбордук Азияда жайылышына өбөлгө түзгөн. Кийинки кылымдарда исламдын жергиликтүү элдердин арасында таралышы менен бирге мусулман дүйнөсүнүн диний, илимий жана маданий мурасы жергиликтүү салттар менен өз ара айкалышып, аймактын жаңы диний-маданий түшүнүктүн калыптанышына таасир берген. Бул процесс өзгөчө Карахандар доорунда жаңы баскычка көтөрүлгөн. . Ошол эле учурда бул өзгөрүүлөргө Талас салгылашуусунун түздөн-түз натыйжасы деп баа берүү да туура эмес. Алар бир нече кылымга созулган саясий, экономикалык жана диний-маданий процесстердин натыйжасында калыптанган.

Талас салгылашуусунун тарыхын изилдөөдө кытай жазма булактары менен мусулман авторлордун эмгектери да өзгөчө мааниге ээ. Орто кылымдагы мусулман тарыхчылары, географтары жана башка авторлор Талас салгылашуусун, ага байланыштуу саясий жана аскердик окуяларды, ошондой эле анын айрым натыйжаларын ар кандай деңгээлде баяндап беришкен. Алардын маалыматтарында салгылашуунун себептери, өткөн жери жана убактысы, ага катышкан аскерлердин саны, кол башчылар, салгылашуунун жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча маанилүү маалыматтар кездешет. Кийинки доорлордо жашаган айрым мусулман авторлорунун эмгектеринде болсо Талас салгылашуусунун маданий жана технологиялык натыйжаларына, айрыкча Самарканддагы кагаз өндүрүшүнүн өнүгүшүнө байланыштуу маалыматтар берилген. Айрым булактарда Талас (Атлах) салгылашуусунда туткунга алынган кытайлык усталардын Самаркандда кагаз өндүрүшүнүн өнүгүшүнө салым кошкондугу белгиленет.

Бул изилдөөнүн негизги максаты — мусулман авторлордун эмгектериндеги Талас салгылашуусу жана анын натыйжалары тууралуу маалыматтарды баштапкы булактардын негизинде талдоо болуп саналат. Ушул максатта мусулман авторлорунун эмгектеринде орун алган маалыматтар хронологиялык жана салыштырма-тарыхый ыкмалардын негизинде каралып, алардын мазмуну, өз ара окшоштуктары жана айырмачылыктары аныкталат.

Бул өңүттөн алып караганда, изилдөөбүз Талас салгылашуусунун тарыхын изилдөөчүлөргө мусулман авторлорунун эмгектериндеги маалыматтарды системалуу түрдө таанытууга жана аларды салыштырма негизде баалоого салым кошот деп ишенебиз.

Ошондой эле Талас салгылашуусуна байланыштуу мусулман жазма булактарын мындан аркы изилдөөлөрдө кеңири пайдаланууга өбөлгө түзөт.

**Абу Юсуф ибн Суфян ибн Жувван ал-Фасави (806-890), *ал-Марифа ва-т-тарих***

Азыркы Ирандын Фарс провинциясындагы Феса (Фаса) шаарында туулган Абу Юсуф Якуб ибн Суфян ал-Фасави (Kandemir, 1995, 424)[1] IX кылымдагы белгилүү мусулман тарыхчыларынын жана хадис аалымдарынын бири болуп саналат. Илим алуу максатында ислам дүйнөсүнүн бир катар маанилүү илимий борборлорун кыдырып, өз доорунун көптөгөн аалымдары менен байланыш түзгөн. Анын тарых жана хадис илимдерин айкалыштырган негизги эмгектеринин бири — *ал-Марифа ва-т-тарих* аттуу китеби. Бул эмгек алгачкы доорлордогу ислам тарыхы, саясий окуялар, белгилүү инсандар жана хадис риваятчылары тууралуу маалыматтарды камтыган маанилүү жазма булактардын катарына кирет.

Талас салгылашуусунун тарыхын изилдөө жагынан ал-Фасавинин эмгеги өзгөчө мааниге ээ. Анын *ал-Марифа ва-т-тарих* китеби, мусулман жазма булактарынын арасынан Талас салгылашуусуна байланыштуу маалыматтар орун алган эң алгачкы эмгек болуп саналат.

Ал-Фасави Талх (Атлах) салгылашуусун мусулман жыл санагы боюнча 134-жылдагы (751/752) окуялардын катарында баяндайт. Анын эмгегинде аталган салгылашууга байланыштуу төмөнкүдөй маалыматтар берилет:

Зияд ибн Салих Самаркандда экенинде Кытайдын өкүмдары жүз миң аскер менен жолго чыкандыгы, мындан тышкары аны коштоп түрк аскерлери да келе жатканы тууралуу кабар жеткен. Зияд ибн Салих аскерлерин топтоп, Абу Муслимге кабар жолдогон. Абу Муслим болсо Марв шаарында аскерлерин чогултуп, даярдык көрө баштаган. Тохаристандан Халид ибн Ибрахим да ага кошулган. Хижрий (жүз) отуз төртүнчү жылы шавваль айында[2] Хорасандан чыккан аскерлер Самарканд тарапка жөнөгөн. Зияд ибн Салихке жардамга он миң аскер жиберилген. Зияд өзүнүн аскерлери менен Шаш дарыясынан өтүп, жолун уланткан.

Кытайдын аскери келип, Саид ибн Хумайдды курчоого алган. Бирок Зияддын жакындап калганын укканда, алар ал жерден кетип, Талх (Атлах) шаарына келип токтошкон. Зияд ибн Салих жетип келип, эртеси күнү эки тараптын ортосунда кагылышуу болгон. Зияд согушта адегенде жаачыларды сап кылып тизип, алардын артында найзачыларды, андан кийин атчандарды, алардын артынан жөө аскерлерди жайгаштырган. Алардан сырткары буктурмада атчан аскерлерди даярдап койгон. Эки тараптын ортосундагы салгылашуу күн батканга чейин уланган. Күн батканда жеңишти мусулмандар камсыздап, кытай аскерлери жеңилүүгө дуушар болушкан.[3]

Ушул эле маалыматтарды Шамсуддин Абу Абдуллах Мухаммед ибн Ахмад ибн Усман ибн Каймаз аз-Захаби (1274-1348), өзүнүн *Тарихул-ислам ва вафаяту-л-машахир ва-л-а'лам*

[1] Kandemir, Yaşar M. (1995). "Fesevi". *TDV İslam Ansiklopedisi (12-том, 424-426-беттер)* . İstanbul: TDV Yayinlari.
[2] 752-жылдын апрель-май айлары
[3] ал-Фасави, Абу Юсуф Якуб ибн Суфян (хижрий 1410). *ал-Марифа ват-Тарих* (3-том). Мадина: ад-Дар.

деген эмгегинде ал-Фасавиге шилтеме берүү менен жазып калтырган (аз-Захаби, 2003, 595-596.[4]

Ал-Фасави тарабынан берилген маалыматтар кыска болгонуна карабастан, Талас салгылашуусунун тарыхын изилдөө үчүн маанилүү маалыматтарды камтыйт. Анын маалыматтарында салгылашуунун келип чыгышына түрткү болгон жагдайлар, окуянын убактысы жана болуп өткөн жери, мусулман аскерлеринин кол башчысы, аскерлердин согуш алдындагы жайгашуу тартиби, Кытай тараптын аскерлеринин саны, салгылашуунун жүрүшү жана узактыгы, ошондой эле анын жыйынтыгы жөнүндө маалыматтар берилген.

**Абу ал-Фадл Ахмад ибн Абу Тахир Тайфур ал-Марвази ал-Хорасани (819/820-893),** ***Тариху Багдат***

Ибн Тайфур деген ат менен белгилүү болгон Абу ал-Фадл Ахмад ибн Абу Тахир Тайфур ал-Марвази ал-Хорасани 819-жылы Багдад шаарында туулган. Ал IX кылымда жашаган тарыхчы жана адабиятчы катары белгилүү болуп, Аббасийлер доорунун саясий жана коомдук тарыхына байланыштуу маалыматтарды өзүнүн эмгектеринде жазып калтырган (Hizmetli, 1999, 445).[5] Анын китептеринин арасында Аббасийлер халифатынын борбору Багдад шаарынын тарыхы жана халифа ал-Мамун доорундагы окуяларды хронологиялык тартипте баяндаган *Китабу Багдат* эмгеги өзгөчө орун ээлейт.

Ибн Тайфур Талас салгылашуусунун себептери, жүрүшү жана жыйынтыгы жөнүндө түздөн-түз маалымат берген эмес. Ошого карабастан, анын эмгегинде Талас салгылашуусунда мусулман аскерлеринин кол башчысы катары белгилүү болгон Зияд ибн Салихтин Кытай тарапка жөнөтүлгөндүгү тууралуу маанилүү кабар кездешет. Бул маалымат Талас салгылашуусун түздөн-түз баяндабаса да, Зияд ибн Салихтин Аббасийлердин Борбордук Азиядагы аскердик ишмердигиндеги ордун жана анын Кытай багытындагы жортуулдар менен байланышын аныктоо жагынан көңүл бурууга татыктуу.

Ибн Тайфурдун *Китабу Багдат* аттуу эмгегинде Зияд ибн Салихтин Кытай тарапка жөнөтүлүшү төмөнкү окуянын алкагында баяндалат: Амр ибн Масъаданын айтуусу боюнча Мамун Багдадга келгенде, Фадл ибн ар-Рабиъ ага мурда эч качан көрбөгөн жакут таш чөгөрүлгөн шакек белек кылган. Мамун ал шакекти абдан жактырган. Абу Муслим Зияд ибн Салихти Кытайга жөнөткөн. Ошондо ал (Зияд ибн Салих) ага (Абу Муслимге) ушул асыл таш чөгөрүлгөн шакекти белек катары берип жиберген (Ибн Тайфур, 2002, 12).[6]

Көрүнүп тургандай, бул эмгекте халифа ал-Мамунга тартууланган шакекке байланыштуу окуянын алкагында Зияд ибн Салихтин Кытай тарапка жиберилгени жөнүндө кыскача маалымат берилет. Ибн Тайфур, Абу Муслимдин Зияд ибн Салихти Кытай тарапка жөнөткөнү тууралуу маалымат берүү менен бирге бул жортуулдун себептери, жүрүшү, болгон жери жана натыйжалары жөнүндө эч кандай маалымат берген эмес. Ошого карабастан, бул кыска маалымат Талас салгылашуусун изилдөө жагынан көңүл бурууга арзыйт. Анткени анда Абу Муслим менен Зияд ибн Салихтин ортосундагы аскердик-саясий байланыш жана Зияд ибн Салихтин Кытай багытындагы ишмердиги жөнүндө маалымат камтылган.

---

[4] аз-Захаби, Шамсуддин Абу Абдуллах Мухаммед ибн Ахмад ибн Усман ибн Каймаз (2003). *Тарих ал-Ислам ва вафаят ал-машахир вал-а'лам* (3-том). Бейрут: Дар ал-Гарб ал-Ислами.

[5] Hizmetli, S. (1999). "İbn Ebu Tahir". *TDV İslam Ansiklopedisi (19-том, 445-б.)*. İstanbul: TDV Yayinlari.

[6] Ибн Тайфур, Абул Фадл Ахмад ибн Абу Тахир (2002). *Китабу Багдад.* Каир: Мактабатул Ханжий.

**Мутаххар ибн Тахир ал-Макдиси (966-жылдан кийин дүйнөдөн кайткан), *ал-Бад' ва-т-тарих***

Мутаххар ибн Тахир ал-Макдисинин туулган жана дүйнөдөн кайткан жылдары тууралуу так маалыматтар жок. Илимий адабияттарда анын IX кылымдын аяк чендеринде төрөлүп, 966-жылдан кийин дүйнөдөн кайткандыгы жөнүндөгү көз караш басымдуулук кылат (Sayar, 2003, 432-434).[7] Анын негизги эмгектеринин бири — 966-жылы жазылып бүткөн *ал-Бад' ва-т-тарих* аттуу китеби болуп саналат. Бул эмгекте дүйнөнүн жаралышынан тартып автор жашаган мезгилге чейинки ар түрдүү тарыхый окуялар баяндалып, алардын арасында Аббасийлердин бийликке келиши жана Хорасан менен Мавераннахрда орун алган саясий-аскердик окуялар жөнүндө да маалыматтар берилет.

Анын баяндоосуна караганда, Аббасийлердин биринчи халифасы Абу ал-Аббастын бийлигинин үчүнчү жылында Бухарада Шарик ибн Шайх ал-Фихри отуз миңдей адамы менен көтөрүлүш чыгарган. Хорасандагы Аббасийлердин негизги саясий жана аскердик жетекчилеринин бири болгон Абу Муслим бул көтөрүлүштү басууга аракет көрүп, Зияд ибн Салих менен Абу Дауд Халид ибн Ибрахим аз-Зухали сыяктуу аскер башчыларын бул күрөшкө тарткан.

Бухарадагы көтөрүлүш басылгандан кийин Зияд ибн Салихтин аскердик аракеттери Мавераннахрдын башка аймактарында да уланган. Ал-Макдисинин маалыматына ылайык, Зияд ибн Салих чыгышты көздөй жылып, Тараз жана Атлах аймактарына чейин жеткен. Ушул жерде автордун баяны Кытай аскерлеринин аймакка келиши менен уланат. Ал кытайлыктардын жүз миңден ашуун аскер менен келгендигин белгилейт. Ошентип, ал-Макдисинин баяндоосунда Бухарадагы саясий күрөш, Зияд ибн Салихтин Мавераннахрдагы кийинки аскердик аракеттери жана Тараз-Атлах аймагындагы Кытай күчтөрү менен болгон кагылышуулар бири-бирин улаган окуялар катары берилген.

Ал-Макдиси мындан ары Саид ибн Хумайддын Тараз шаарындагы чепке бекинип, Самаркандда турган Абу Муслимден жардам сураганын баяндайт. Анын маалыматына караганда, мусулман жана Кытай күчтөрүнүн ортосунда бир нече жолу кагылышуу болуп, натыйжада Кытай аскерлери чоң жоготууга учураган. Автор бул кагылышууларда кырк беш миң кытай аскери өлтүрүлүп, жыйырма беш миңи туткунга алынганын белгилейт (ал-Макдиси, 1919, 6/75).[8] Бул сандык көрсөткүчтөр аталган эмгекте кагылышуунун масштабын көрсөтүүчү негизги маалыматтардын бири катары орун алган.

Макдиси берген маалыматтарда Талас салгылашуусунун себеби катары Зияд ибн Салихтин Тараз менен Атлах шаарларына барганы көрсөтүлсө да, мусулман аскерлерин Саид ибн Хумайд жетектегендей ой жаралат. Муну менен катар, Саид ибн Хумайддын Кытай аскерлеринен сактанып, шаарга бекингени айтылганына карабастан, кийин Кытай аскерлерине чоң жоготууга учуратып, аларды жеңгени баяндалат. Бул жагдай Макдисинин китебинде айрым ички карама-каршылыктар бар экендигин көрсөтөт.

[7] Sayar, S.. (2003). “Makdisi, Mutahhar b. Tahir”. *TDV İslam Ansiklopedisi (27-том, 432-434-беттер)*. İstanbul: TDV Yayinlari.

[8] ал-Макдиси, ал-Мутаххар ибн Тахир (1919). *ал-Бад' ва-т-тарих* (6-том). Шалон: Бертранд.

**Абу ал-Фараж Мухаммед ибн Аби Якуб Исхак ибн Мухаммед ибн Исхак ан-Надим (995-ж. дүйнөдөн кайткан), *ал-Фихрист***

Ибн ан-Надимдин өмүр баяны тууралуу маалыматтар булактарда салыштырмалуу аз сакталган. Анын Багдад шаарында жашап, ошол жерде 995-жылы дүйнөдөн кайткандыгы белгилүү болгону менен, туулган жылы тууралуу так маалымат жок (Karaarslan, 2000, 171).[9] Анын 987-жылы жазылган *ал-Фихрист* аттуу эмгеги ислам илим жана маданият тарыхынын эң негизги библиографиялык китептеринин бирөөсү болуп эсептелет.

Ибн ан-Надим *ал-Фихрист* эмгегинде жазуу үчүн колдонулган материалдарга жана кагаздын айрым түрлөрүнө да токтолуп, Хорасандагы кагаз өндүрүшүнө байланыштуу көңүл бурууга татыктуу маалыматтарды берет. Аталган эмгекте Хорасан кагазы жана анын өндүрүлүшү жөнүндө сөз болуп, кагаздын Кытайдан келген усталар тарабынан жасалгандыгы эскерилет (ан-Надим, 2014, 48).[10]

Бул жерде Кытайдан келген усталардын Хорасанда кытай кагазын үлгү катары алып, кагаз өндүрүшүн жолго койгондугу жөнүндөгү маалыматка көңүл буруу керек. ан-Надим бул усталарды Талас салгылашуусу менен түздөн-түз байланыштырбайт; ошондой эле аларды Таласта туткунга түшкөн кытайлык жоокерлер же кол өнөрчүлөр деп да көрсөтпөйт. Ошол эле учурда Ибн ан-Надимдин маалыматын кийинчерээк жазылган мусулман булактарындагы маалыматтар менен салыштырып кароо бул маселе боюнча маанилүү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

**Абу Мансур Абдулмалик ибн Мухаммед ибн Исмаил ас-Саалиби (961-1038), *Симар ал-кулуб фи-л-мудаф ва-л-мансуб***

Абу Мансур Абд ал-Малик ибн Мухаммад ибн Исмаил ас-Саалиби ан-Нишапури 961-жылы Хорасан аймагынын ири илимий жана маданий борборлорунун бири болгон Нишапур шаарында жарык дүйнөгө келип, 1038-жылы дүйнөдөн кайткан. Ал XI кылымдагы араб тили жана адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири катары белгилүү. Ас-Саалиби адабиятчы, филолог, акын жана антология түзүүчү катары өз доорунун илимий-адабий чөйрөсүндө маанилүү орунду ээлеген (Topuzoğlu, 2009, 236).[11]

Талас салгылашуусунун натыйжаларын изилдөө жагынан ас-Саалибинин *Симар ал-кулуб фи-л-мудаф ва-л-мансуб* аттуу эмгеги өзгөчө мааниге ээ. Бул китебинде автор Самарканд кагазы жана анын өндүрүлүшү тууралуу маанилүү маалыматтарды жазып калтырган. Ас-Саалиби Самаркандда өндүрүлгөн кагаздын өзгөчөлүктөрүнө токтолуу менен бирге, кагаз жасоо өнөрүнүн бул шаарда өнүгүүсү тууралуу да баяндайт.

Ас-Саалибинин маалыматы боюнча, Самаркандда кагаз өндүрүшүнүн өнүгүшү кытайлык туткундар менен байланыштуу болгон. Автор, Зияд ибн Салих Атлах салгылашуусунда кытайлыктарды туткунга алгандыгы жана алардын арасында кагаз жасоо өнөрүн билген адамдар болгондугун белгилейт. Самаркандга алып келинген бул туткундардын кагаз жасоо тажрыйбасы шаарда бул өнөрдүн өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

---

[9] Karaarslan, N. Ü. (2000). "İbnü'n-Nedim". *TDV İslam Ansiklopedisi (21-том, 171-173-беттер)*. İstanbul: TDV Yayinlari.
[10] ан-Надим, Абул Фараж Мухаммед ибн Исхак (2014). *ал-Фихрист* (1-том). Лондон: Муассасат ал-Фуркан. https://shamela.ws/book/1455/185#p2
[11] Topuzoğlu, T. R. (2009). "Sealibi, Ebu Mansur". *TDV İslam Ansiklopedisi (36-том, 236-239-беттер)*. İstanbul: TDV Yayinlari.

Убакыттын өтүшү менен Самаркандда кагаз өндүрүү кеңейип, туруктуу кол өнөрчүлүк тармагына айланган. Өндүрүштүн өнүгүшү менен Самарканд кагазы жергиликтүү керектөө үчүн гана эмес, башка аймактарга чыгарылган маанилүү товар катары да белгилүү боло баштаган. Натыйжада Самарканд кагазы ислам дүйнөсүнүн ар түрдүү аймактарында таанылып, кеңири колдонулган кагаз түрлөрүнүн бирине айланган (ас-Саалиби,1985, 543).[12] ас-Саалиби, Ибн Хордадбехтин *ал-Масалик ва-л-мамалик* деген китебин булак катары көрсөткөн, бирок аталган эмгектин бүгүнкү чейин келип жеткен нускасында Самарканд кагазы тууралуу маалыматтар кездешпейт (Topal, 2025, 255).[13]

XIII кылымда жашаган белгилүү мусулман географы Закария ибн Мухаммед ибн Махмуд ал-Казвини (1202-1283) да өзүнүн *Асар ал-билад ва ахбар ал-ибад* деген китебинде *Мамалик ва-л-масалик* деген эмгекке шилтеме берүү менен жогорудагы мазмундагы маалыматтарды жазып калтырган (ал-Казвини, 1960, 536).[14]

Саалиби менен ал-Казвининин берген маалыматтары Талас (Атлах) салгылашуусунун натыйжаларын изилдөөдө өзгөчө мааниге ээ. Анткени эки автор тең Самаркандда кагаз өндүрүшүнүн өнүгүшүн Талас (Атлах) салгылашуусунда Зияд ибн Салих тарабынан туткунга алынган кытайлыктардын ишмердиги менен түздөн-түз байланыштырышат. Алардын айтуусу боюнча туткундардын арасында кагаз жасоо өнөрүн билген адамдардын болушу, Самаркандда бул өнөрдүн кеңири жайылышына өбөлгө түзгөн негизги фактор катары көрсөтүлөт. Убакыттын өтүшү менен кагаз өндүрүшү кеңейип, Самарканддын маанилүү кол өнөрчүлүк жана соода тармактарынын бирине айлангандыгы белгиленет.

**Абу Райхан Мухаммед ибн Ахмед ал-Бируни (973-1048), *Китабу тахкик ма ли-л-Хинд мин макула макбула фи-л-акл ав марзула***

973-жылы Хорезмде жарык дүйнөгө келип, илим чөйрөсүндө кеңири таралган көз караш боюнча 1048-жылы дүйнөдөн кайткан атактуу мусулман аалымы Абу Райхан ал-Бируни, орто кылымдагы ислам илиминин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болуп саналат. Ал, медицина, тарых, география, астрономия, математика, хронология, этнография жана башка бир катар илим тармактарына байланыштуу көптөгөн жазган. Ал, Индиянын дини, маданиятына сыяктуу коомдук турмушуна арналган белгилүү эмгектеринин бири *Китабу тахкик ма ли-л-Хинд мин макула макбула фи-л-акл ав марзула* деп аталган китебинде жазуу материалдары тууралуу сөз кылып жатып, кагаздын пайда болушу жана анын Самаркандда өндүрүлүшүнө токтолгон. Анын айтуусуна караганда, кагаз алгач Кытайда өндүрүлгөн. Кийинчерээк кытайлык туткундар кагаз жасоо өнөрүн Самаркандга алып келишкен. Натыйжада Самаркандда кагаз өндүрүшү жолго коюлуп, андан ары башка аймактарга да тараган. Ал-Бируни бул процесстин кагазга болгон муктаждыкты камсыз кылууда маанилүү роль ойногондугун белгилейт (ал-Бируни, хижрий 1403, 119).[15]

Ал-Бируни Талас согушун түздөн-түз эскербегени менен, Кытайдан келген туткундардын Самаркандда кагаз өндүрүү өнөрүнүн калыптанышына жана бул өнөрдүн

[12] ас-Саалиби, Абу Мансур Абдулмалик ибн Мухаммед ибн Исмаил (1985). *Симар ал-кулуб фи-л-мудаф ва-л-мансуб.* Каир: Дар ал-Маариф.
[13] Topal, R. (2025). "Talas Savaşı'nın Komutanı: Ziyâd b. Sâlih el-Huzâî". *Mevzu Sosyal Bilimler Dergisi*, №13, 241-271-беттер.
[14] ал-Казвини, Закария ибн Мухаммед ибн Махмуд (1960). *Асар ал-билад ва ахбар ал-ибад.* Бейрут: Дару Садир.
[15] ал-Бируни, Абу Райхан Мухаммед ибн Ахмед (хижрий 1403). *Китабу тахкик ма ли-л-Хинд мин макула макбула фи-л-акл ав марзула.* Бейрут: Аалам ал-кутуб.

жайылышына салым кошкондугу тууралуу маалыматы VIII кылымдагы араб-кытай карым-катнаштарынын натыйжасында кагаз жасоо технологиясынын Самаркандга жеткендигине кыйыр далил болуп саналат. Бул маалымат тарыхый булактарда кагаз өндүрүшүнүн Самаркандга тарашын Талас согушунан кийинки кытай туткундарынын келиши менен байланыштырган пикирди түрдө бекемдейт.

**Абу ал-Хасан Иззуддин ибн Али ибн Мухаммед ибн аш-Шайбани ал-Жазари (1160-1233), *ал-Камил фи-т-тарих***

Ибн ал-Асир деген ат менен таанылган Абу ал-Хасан Иззуддин Али ибн Мухаммад ибн Мухаммад аш-Шайбани ал-Жазари (1160–1233) орто кылымдагы көрүнүктүү мусулман тарыхчыларынын бири болуп саналат. Ал, азыркы Түркиянын Сирияга жакын жайгашкан Жизре шаарында туулган (Özaydın, 2000, 26).[16]

Ибн ал-Асирдин тарых илиминдеги эң белгилүү эмгеги — *ал-Камил фи-т-тарих* аттуу көлөмдүү китеби болуп саналат. Анда байыркы мезгилдерден тартып автор жашаган XIII кылымга чейинки окуялар хронологиялык тартипте баяндалган. Автор мурдагы тарыхчылардын маалыматтарын пайдалануу менен бирге, аларды иретке келтирип, айрым окуяларга байланыштуу кошумча маалыматтарды да берген. Ошондуктан *ал-Камил фи-т-тарих* жалпы эле ислам тарыхы, ошону менен катар Орток Азия тарыхын изилдөөдө маанилүү мусулман жазма булактарынын бири катары эсептелет.

Ибн ал-Асирдин берген маалыматы боюнча, Талас салгылашуусунун алдында Фергананын ихшиди (башкаруучусу) менен Шаштын (Ташкент) башкаруучусунун ортосунда пикир келишпестик келип чыккан. Бул карама-каршылыктын натыйжасында Фергананын ихшиди Кытай падышасынан аскердик жардам сурап кайрылган. Анын өтүнүчүнө жооп катары Кытай падышасы жүз миң аскер жөнөткөн. Кытай аскерлери Шашты курчоого алып, натыйжада Шаштын башкаруучусу Кытай падышасынын талаптарына баш ийүүгө аргасыз болгон. Шаштын башкаруучусу багынып бергенден кийин ага жана анын жанындагыларга зыян келтирилген эмес. Бул окуя тууралуу кабар Абу Муслимге жеткенден кийин ал Кытай аскерлерине каршы Зияд ибн Салихти жөнөткөн. Натыйжада Зияд ибн Салих баштаган мусулман аскерлери менен Кытай тараптын аскерлери Талас дарыясынын боюнда беттешкен. Салгылашууда мусулман аскерлери жеңишке жетишип, Кытай аскерлеринин элүү миңге жакыны өлтүрүлгөн, жыйырма миңге жакыны туткунга алынган. Аман калгандары болсо Кытай тарапка качып кетишкен. Ибн ал-Асир бул салгылашуунун хижрий 133-жылдын зулхижжа айында (751-жылдын июнь айынын аягы июль айынын башы) болгонун эскерет (Ибн ал-Асир, 1997, 39–40).[17]

Ибн ал-Асирдин маалыматы Талас салгылашуусунун келип чыгуу себептерин, катышуучу тараптарды, кол башчыларды, салгылашуунун өткөн жерин жана убактысын, ошондой эле анын жыйынтыгын аныктоо жагынан маанилүү. Өзгөчө анын Фергана менен Шаштын башкаруучуларынын ортосундагы саясий карама-каршылыкты салгылашуунун башталышына түрткү болгон негизги себеп катары көрсөтүшү, Талас салгылашуусунун саясий өбөлгөлөрүн түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

[16] Özaydın, A. (2000). “İbnü’l-Esir, İzzeddin”. *TDV İslam Ansiklopedisi (21-том, 26-27-беттер)*. İstanbul: TDV Yayinlari.

[17] ибн ал-Асир, Иззуддин Абу ал-Хасан Али ибн Мухаммед ал-Жазари (1997). *ал-Камил фи-т-тарих* (5-том). Байрут: Дар ал-китаб ал-араби.

**Корутунду**

751-жылы болгон Талас салгылашуусу Орто Азиянын тарыхындагы саясий, аскердик жана маданий өнүгүүлөрдүн жүрүшүнө таасир эткен маанилүү бурулуш учурлардын бири катары каралат.

Мусулман тарыхчылары менен географтарынын эмгектери Талас салгылашуусунун өзгөчө ислам дүйнөсүндө кандай кабыл алынганын жана кийинки мезгилдерде кандайча баяндалганын аныктоого мүмкүндүк берген маанилүү маалыматтарды камтыйт.

Мусулман авторлорунун берген маалыматтарын талдай чыкканда, Талас салгылашуусун Аббасийлердин аскерлери менен Кытай күчтөрүнүн ортосундагы жөнөкөй эле аскердик кагылышуу катары кароого болбой тургандыгы байкалат. Булактардан салгылашуунун келип чыгышына жергиликтүү өкүмдарлардын саясий атаандаштыгы, Кытайдын аймактагы таасирин кеңейтүү аракети жана мусулмандардын чыгышты карай жасаган жүрүштөрү сыяктуу факторлор таасирдүү болгонун көрүүгө болот. Айрыкча Фергана менен Шаш өкүмдарларынын ортосундагы карама-каршылык, Кытай аскеринин аймакка кийлигишүүсү ж.б. окуялар, мусулман булактарында салгылашуунун чыгышына өбөлгө түзгөн негизги окуялар катары белгиленет. Бул жагдай Талас салгылашуусу эки чоң күчтүн гана үстөмдүк үчүн күрөшү болбостон, жергиликтүү саясий тирешүүлөр жана аймактык союздаштыктар да маанилүү роль ойногон көп кырдуу күрөш болгонун далилдейт.

Мусулман авторлорунун маалыматтары салгылашуунун убактысын жана географиялык ордун аныктоо жагынан да чоң мааниге ээ. Булактарда Зияд ибн Салихтин мусулман аскеринин кол башчысы катары эскерилиши, салгылашуунун хижрий 133–134-жылдарда Таласта болгону тууралуу маалыматтар окуянын датасын жана ордун тактоо жагынан зор мааниге ээ. Ошол эле учурда булактарда аскерлердин саны, каза болгондор жана туткунга түшкөндөр тууралуу ар түрдүү сандардын берилиши мындай маалыматтарга этият мамиле кылуу кереккигин көрсөтөт.

Талас салгылашуусунун маанилүү натыйжаларынын бири Тан империясынын Борбордук Азиядагы аскердик жана саясий таасиринин начарлашы жана Аббасийлердин Мавераннахрдагы таасиринин бекемделиши болгон. Бул абал аймактагы жергиликтүү элдердин исламдашуу процессине оң таасирин тийгизген. Тактап айтканда, Талас салгылашуусунан кийин мусулмандар менен аймактагы түрк элдеринин саясий-аскердик, соода-экономикалык жана маданий байланыштарынын күчөшү ислам дининин Орто Азияда жайылышына ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

Мусулман авторлор, айрыкча Самаркандда кагаз өндүрүшүнүн жолго коюлуусундаТалас салгылашуусунда туткунга түшкөн кытайлык усталардын ролун өзгөчө белгилешет. Алардын маалыматына караганда, кытайлык усталардын тажрыйбасы Самаркандда кагаз өндүрүү ыкмасынын кеңири жайылышына олуттуу таасир берген. Бул жагынан алып караганда, Талас салгылашуусунун тарыхый мааниси Орто Азияда Аббасийлердин саясий таасиринин бекемделиши жана ислам маданиятынын жайылышы менен гана чектелбейт. Ал кагаз өндүрүү технологиясынын Самарканд аркылуу ислам дүйнөсүнүн башка аймактарына таралышына өбөлгө түзгөн окуялардын бири катары да бааланат. Кийинчерээк кагаз өндүрүшүнүн ислам дүйнөсүндө кеңири өнүгүшү жана анын Батышка таралышы билимдин, илимдин жана жазма маданияттын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон.

Жыйынтыктап айтканда, мусулман авторлордун эмгектерин системалуу жана салыштырма негизде изилдө,ө Талас салгылашуусунун тарыхый өңүттөн тактоого гана эмес, анын Орто Азиядагы саясий, диний-маданий жана технологиялык процесстердин өнүгүшүндөгү ордун тереңирээк түшүнүүгө да мүмкүнчүлүк берет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Hizmetli, S. (1999). “İbn Ebu Tahir”. *TDV İslam Ansiklopedisi (19-том, 445-б.).* İstanbul: TDV Yayinlari.
2. Kandemir, Yaşar M. (1995). “Fesevi”. *TDV İslam Ansiklopedisi (12-том, 424-426-беттер).* İstanbul: TDV Yayinlari.
3. Karaarslan, N. Ü. (2000). “İbnü’n-Nedim”. *TDV İslam Ansiklopedisi (21-том, 171-173-беттер).* İstanbul: TDV Yayinlari.
4. Özaydın, A. (2000). “İbnü’l-Esir, İzzeddin”. *TDV İslam Ansiklopedisi (21-том, 26-27-беттер).* İstanbul: TDV Yayinlari.
5. Sayar, S. (2003). “Makdisi, Mutahhar b. Tahir”. *TDV İslam Ansiklopedisi (27-том, 432-434-беттер).* İstanbul: TDV Yayinlari.
6. Topal, R. (2025). “Talas Savaşı’nın Komutanı: Ziyâd b. Sâlih el-Huzâî”. *Mevzu Sosyal Bilimler Dergisi*, №13, 241-271-беттер.
7. Topuzoğlu, T. R. (2009). “Sealibi, Ebu Mansur”. *TDV İslam Ansiklopedisi (36-том, 236-239-беттер).* İstanbul: TDV Yayinlari.
8. аз-Захаби, Шамсуддин Абу Абдуллах Мухаммед ибн Ахмад ибн Усман ибн Каймаз (2003). *Тарих ал-Ислам ва вафаят ал-машахир вал-а’лам* (3-том). Бейрут: Дар ал-Гарб ал-Ислами.
9. ал-Бируни, Абу Райхан Мухаммед ибн Ахмед (хижрий 1403). *Китабу таххик ма ли-л-Хинд мин макула макбула фи-л-акл ав марзула.* Бейрут: Аалам ал-кутуб.
10. ал-Казвини, Закария ибн Мухаммед ибн Махмуд (1960). *Асар ал-билад ва ахбар ал-ибад.* Бейрут: Дару Садир.
11. ал-Макдиси, ал-Мутаххар ибн Тахир (1919). *ал-Бад’ ва-т-тарих* (6-том). Шалон: Бертранд.
12. ал-Фасави, Абу Юсуф Якуб ибн Суфян (хижрий 1410). *ал-Марифа ват-Тарих* (3-том). Мадина: ад-Дар.
13. ан-Надим, Абул Фараж Мухаммед ибн Исхак (2014). *ал-Фихрист* (1-том). Лондон: Муассасат ал-Фуркан.
14. ас-Саалиби, Абу Мансур Абдулмалик ибн Мухаммед ибн Исмаил (1985). *Симар ал-кулуб фи-л-мудаф ва-л-мансуб.* Каир: Дар ал-Маариф.
15. ибн ал-Асир, Иззуддин Абу ал-Хасан Али ибн Мухаммед ал-Жазари (1997). *ал-Камил фи-т-тарих* (5-том). Байрут: Дар ал-китаб ал-араби.
16. Ибн Тайфур, Абул Фадл Ахмад ибн Абу Тахир (2002). *Китабу Багдад.* Каир: Мактабату-л-Ханжий.